ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

# ГОРЬКИЙ ЖАНА УСТАТЧЫЛЫК ӨНӨР

**АСКАР УУЛУ ТААЛАЙБЕК.**
nsu@ktnet.kg

Адабият тарыхына назар таштаган кезибизде дүйнөдөгү улуу жазуучулардын дээрлик бардыгы насаатчылыкты өздөрүнүн ишмердигинин эң маанилүү бир бөлүгү катары эсептешкен. Насаатчыны кандай түшүнөбүз. Мында бир улуу инсан кийинки муунга өзүнүн турмуштук тажрыйбасынын, билиминин негизинде акыл-насаат айтат. Ал көп тармактуу, көп жагдайлуу экендиги тууралуу төмөндө айтмакчыбыз.

Биз бул макалада кечээги совет өкмөтү убагында өмүрүнүн күрдөөлдүү бөлүгүн өткөргөн Максим Горький аркылуу чыгармачылыктагы насаатчылык өнөр туурасында кеп козгомокчубуз. Кайрылган себебибиз ал чыгармачылык менен алектенип, жазуучу болсок деп талпынган жаштардын ага жиберген чыгармаларын эрикпей-талбай окуп, аларга каалоо тилектерин айтып, адабий-теориялык кеп-кеңештерин берип турган. Макала М. Горькийдин 1953-жылы жарык көргөн «О литературе» аттуу китебинде орун алган анын сүйлөгөн сөздөрү менен жазган макалаларынын негизинде жаралды.

М. Горький күнүгө 15-20 дан кат алып, ошонун бардыгында эле «Сиз кантип жазуучу болдуңуз эле, тажрыйбаңызды үйрөтүп койбойсузбу?» деген өтүнүчтөр көп кайталанчу экен. Аларга жооп катары минтип айтыптыр: «**Мен окутууну билбейм, болгону өзүм кантип окугандыгым жөнүндөгү тажрыйбамды гана айта алам**»[1].

Горький эмнени окугандыгын туюнуш үчүн анын жогоруда аталган «О литературе» деген макалалар жыйнагын бир сыйра барактап көрүү зарыл болду. Ошондо байкаганыбыз – ал кишинин билиминин тереңдиги: физика, химия, биология сыяктуу ар түрдүү илим тармактары боюнча улуу инсандардын ачылыштарынан келтирген маалыматтар жана аларды таалим-тарбия иштерине ылайыктап мисалга тартуу чеберчилиги. Мына ошентип, - дейт М.Горький,- эмне үчүн жазып калдым деген суроого мындайча жооп бергиси келет: Биринчиси, мага **«чексиз оор турмуштун («томительно бедная жизнь**») тийгизген таасири менен, экинчиден, «**көргөн-билгендерим ушунчалык көп болуп, мага тынчтык бербегендиктен улам»**[2].

М.Горький насаатчылыкты ар түрдүү формада жүргүзгөн. Биринчиси, адабий кеңеш, экинчиси, адабият теориясынан түшүнүк. Бул багытта негизинен анын «О начинаюших писателей», «О том, как я учился писать» деген макалаларында сөз жүрөт.

Мунун биринчисинде мындай маалымат айтылат. Жакында жазуучу болобуз деп аракеттенгендердин санын 15 миң адам экен деп эсептеп чыгышыптыр. Бул элинин саны 150 миллионго жеткен биздин өлкө үчүн көп деле эместир, бирок: «нельзя не сказать вместе с автором сообщения

---

[1] Горький М. О литературе. –М.: СП., 1953, 280-бет.
[2] Горький М. О литературе. –М.: СП., 1953, 313-бет.
[3] Горький М. О литературе. –М.: СП., 1953, 295-бет.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

товарищем Белецким: «лучше поменьше–да получше»[1], б.а. бирөөлөрдү жазбагыла деп тыйыш к
ошондо да, сапат үчүн күрөшкөнүбүз жакшы болор эле деген маанидеги сөз кетип жатат.

1906-1910-жылдардын аралыгында Горькийдин наамына 400 кол жазма келип түшүптүр, анын бардыгын окуп чыгып, жекече да, коллективдүү да жооп жазыптыр. Булардын арасында көркөм адабиятты өнөр катары жоопкерчиликтүү карагандар менен бирге ага «жөн эле жашоонун каражаты» сыяктуу мамиле эткендер да бар экен, себеби, чыгармага окшогон бирдемелер газетага же журналга жарыяланып калса, анча-мынча тыйын-тыпыр болобу деп үмүттөнгөндөр көп экендиги байкалат.

Ушул жерден Горькийдин жер-жерлерден келген каттарга мамилеси тууралуу да кыстырма айта кетүү ылайык. Ал күнүгө 15-20 дан кат аларын жана буларга мамилеси оң экендигин белгилеп, мындай дейт: «Интересовался ли я письмами, которых присылают, и какого я о них мнения? Было бы странным, если я не интересовался такими письмами. Ясно, что ими интересовался, и, аллергически выражаясь, я ими кормлюсь. Они дают мне знание той действительности, в которой вы живете, которую вы же творите»[2]. Мындагы сөздүн тузу «**мен катка кызыкканым мындай турсун, алар мен үчүн жашоо кумары**» деген сөз, б.а. андай каттар аларды жазгандар кимдер, кандай жашап, эмне менен дем алып, эмнеге кызыгарын, ж.б. жагдайларынан түшүнүк алуучу маанилүү булак, табылгыс байлык. Эл ичинде жашаган жазуучулардын ар түрдүү, анын ичинде чыгармачылык тууралуу да суроолор менен ага кайрылып турушу улуу устатка жаңы дем берген, ишке шыктандырган.

М.Горький кат ээлерине жогорку маданияттуулук менен өтө илбериңки мамиле этип, окуп чыккан материалдарын деталдуу анализдеп, кемчилдиктерин ишенимдүү далилдеп көрсөтүп берүүгө жетишкен. Ошентип, көп аракет жасагандыгына карабастан Горькийден жооп кат алган бирөөнүн «мен Сиз менен келише албайм» деген пикирине карата мындай сөз айтылыптыр: «Из так называемой «культурной среды» производит очень тяжолые впечатление - не столько своей развьязностью, сколько незнанием русской литературы»[3]. Бул сөздө бир аз кекээр бар, Горький тигил жаш автор өзү адабияттан жетиштүү билими жок туруп, билгендер менен талашкысы келип жатканына кабатырланат. «Несмотря на обилие людей малограмотных и некультурных, - дейт М.Горький, - среди начинающих писателей есть много даровитых, искренно желаюших учиться. Есть среди них и крупные таланты. Но всем им необходимо учиться технике дела, в подавляюшем большинстве они технически безоружны, и это неизбежно погубит многих из них, не дает развиться их дарованиям со своей красатой и силой»[4].

«О начинаюших писателей» деген макаласында булардагы бир катар оош-кыйыштарды ачык-айрым айта келип, анан бирден-бир каалоо иретинде аларга көп окууну, көп билүүнү сунуш этет. Анан да устат жаштардын өздөрү араң жүрүп, бири-бирин мактап-жактап рецензия жазгандарына нааразы болот.

---

[2] Горький М. О литературе. –М.: СП., 1953, 455-бет.
[2] Горький М. О литературе. –М.: СП., 1953, 118-бет.
[3] Горький М. О литературе. –М.: СП., 1953, 393-бет.
[4] Горький М. О литературе. –М.: СП., 1953, 321-бет.
[5] Горький М. О литературе. –М.: СП., 1953, 311-бет.

М.Горькийдин жаштарга маанилүү кеңеш айткан дагы бир макаласы «**Мен жазууну ка[illegible] үйрөндүм**» деп аталат. Мында ал өз башынан өткөндөрдү, чыгармачылык иштеги өзү «териси менен» сезгендерди аларга кеңеш, сабак иретинде айтып бергиси келет.

Горький бул эмгекте өз башынан өткөргөндөрдү аларга сабак катарында айтып берүү менен бирге көркөм адабияттын өзүнчө бир татаал да, кызыктуу да дүйнө экендигине окуучулардын көңүлүн бургусу келет. Эгерде алар ушул сыйкырдуу кесипти тандап алгылары келишсе, анда алардан абдан эрктүүлүк, талбаган эмгек талап этилерин кайра-кайра эскертип отурат

Ал он беш жаштан тарта жазууга киришиптир. Анан өзүнө окшош ошол эле курактагы бир кыз ага акыл сурап кайрылганда ага мындай кеңеш бериптир: «Она, вероятно, писала бы так называемые «романтические» вещи, старалась бы обогатить «томительно бедную жизнь» красивыми выдумками, изображала бы людей лучшими, чем они есть»[1]. Б.а., оор турмушту жеңилдетүү үчүн романтикалык аңгемелер жазып, аны «ойдон чыгарылган» ар кандай окуялар менен коодосо, балким, «жеңилдеп» калар беле деген көз караш айтып жатат. Бул башынан бери эле улуу художниктерде орун алып келген салт дейт, алсак, «Тургенев тоже писал веши в романтическом духе, так же как и все другие крупнейшие наши писатели от Гоголя до Чехова и Бунина»[2].

Ал өзү дагы алгач көтөрүңкү маанайдагы рифмалашкан прозалык чыгармалар жазып, адегенде Короленкодон катуу «сын» угуп калыптыр, себеби, чеберчилиги жетпептир да, өзгөчө тил жагынан аксаганын өзү да сезип мындай мисал келтирет: «**Из**возчик **из**влек **из** кармана кисет - эти три «**из**» рядом не очень украшивали «томительно бедную жизнь». Мындайча айтканда бир сүйлөм ичинде «из» дегенди үч жолу кайталоо менен стилдик жактан аксаганын кийин түшүнөт.

М.Горький жазуучулукка киришип жүргөн мезгилде, б.а. жазбай коюуга мүмкүн болбогон маанайы тууралуу мындай жыйынтык берет: «Подавляюшее большинство моих молодых корреспондентов хотят писать именно потому, что они богаты впечатлениями бытия, «не могут молчать» о том, что они видели, испытали. Из них вырабатывается, вероятно, немало «реалистов», но я думаю, что в их реализме будут и некоторые признаки романтизма, который неизбежен и законен в эпоху здорового духовного подьема, а мы переживаем именно такой подьем»[3].

Горькийдин «**тренируя свое тело, человек становится здоровым, выносливым, - также следует тренировать свой разум, свою волю**»[4] деген сөзү бекеринен айтылбаган чыгар. Анын сыңарындай, ал кичине кезинен тарта «өз акылы менен эркин тарбиялап» жүрүп, анан ушунча даражага жеткендиги маалым.

Горькийдин биринчи окутуучусу турмуш жана китеп деп бекер айтылбаган. Бул тууралуу өзү минтип эскерет: «Впечатления я получил и непосредственно от жизни и от книг. Первый порядок впечатлений можно сравнить с сырьем, а второй - полуфабрикатом, или говоря грубо, чтобы передо

---

[3] Горький М. О литературе. –М.: СП., 1953, 313-бет.
[4] Горький М. О литературе. –М.: СП., 1953, 320-бет.

мной был скот, а во втором - снятая с него и отлично обработанная кожа. Я очень многим … иностранной литературе, особенно, французской»[1].

Горький өз сөздөрүндө француз адабияты, айрыкча, Бальзак тууралуу көп айтат. Жаш кезинде анын орус тилине которулган бардык чыгармаларын өтө кызыгуу менен окуп чыгып, анын талантына абдан таң калыптыр. Айрыкча, «**Бальзак наиболее дороги мне той любовью к людям, тем чудесным знанием жизни, которое с её великой силою и радостью я всегда ошушал в его творчестве**»[2]. Бальзакты окуу аркылуу Горький ошол мезгилде адамзат коомунун алдында келе жаткан французлардын турмушун жакшы түшүнүүгө мүмкүндүк алган. Бул жагынан анын «Человеческая комедия» аттуу чыгармасын айрыкча белгилейт. Аны жыйырма жаш курагында окуган да: «Почувствовал в ней гений Бальзака и полюбил его горячей любовью, как вероятно, любят учителя и друга»[3] дейт. Ушул жагдайда ал «**Шекспир, Бальзак, Толстойду - адамзат өзүнө-өзү тургузган үч монумент**» деп эсептейт.

Горький колуна тийген эле китептерди жанталашып окуй берген экен. Мында ал жаманын да, жакшысын да окуган, тандоого эч кандай шарт болбоптур. «**Знать надо как больше, - дейт ал, - чем разнообразнее опыт, тем выше он поднимает человека, тем шире становится поле зрения**»[4]. Адамдарды ушунчалык пластикалуу, мындайча айтканда, кол менен кармап көргөндөй абалда сүрөттөй билген чет элдер классиктеринин чеберчилигине тан берет. Ошолордун ичинен француз адабиятын Горький өзгөчө тамшанып айтат: «Стендаль, Бальзак, Флобер, - дейт Горький, - этих авторов я очень советовал бы «начинаюшим». Это действительно гениальные художники, величайшие мастера формы, таких художников русская литература еше не имеет. Я читал их по-русски, но это не мешает мне чувствовать силу искусство французов».

Горький айткандай, заманында француз тилин үйрөнүү, алардын адабиятын окуу абдан мода болгон. Бул Горький байкагандай француз коомунун бир кыйла алдыга кеткендиги менен белгиленет. Ал өлкөдө «республикачылар» деп аталган алдыңкы көз караштагы адамдар чыгып, өз өлкөсүнүн келечеги үчүн күрөшкөн. Ал эми совет бийлигинин алгачкы формасы болгон Париж коммунасы кайдан чыкты? Эжен Потье революциячыл пролетариаттын идеясына берилген акын экен. Ал подпольеде жүрүп, «коммунанын» манифести катары «Интернационал» гимнинин текстин жазган. Кийин ал партиялык гимн болуп, ырдалып келген.

Орус классиги Л.Толстой француз тилин абдан мыкты үйрөнүп, өзүнүн чыгармаларын кээде ошол тилде жазган. Горький жаштарды французча үйрөнүп, колунан келишинче оригиналда окууну сунуш эткен.

«Большую русскую литературу, - дейт Горький, - Гоголя, Толстого, Тургенева, Гончарова, Достоевского, Лескова читал я значительно позднее. Лесков несомненно влиял на меня поразительным

---

[1] Горький М. О литературе. –М.: СП., 1953, 321-бет.
[4] Горький М. О литературе. –М.: СП., 1953, 127-бет.
[5] Горький М. О литературе. –М.: СП., 1953, 126-бет.
[6] Горький М. О литературе. –М.: СП., 1953, 323-бет.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

знанием и богатством языка. Это вообше отличный писатель и тонкий знаток русского быта»[1]. ... жүрө-жүрө өзү менен чогуу жүргөн «босяктарга», темир жолдо жүк түшүрүп иштеген жумушчуларга, усталарга ж.б. типтеги жумушчуларга окуган китептеринин мазмунун айтып берип жүрүп, «Горький аңгемечи» атыгып кетет. Бул ага абдан пайдалуу иш болгон, анткени, ал аркылуу жаш автор ичте кайнап жаткан бугун сыртка чыгарып алчу экен. Кээде китепте жазылгандарга окшош өз башыман өткөндөрдү да кошуп айта берчүмүн дейт ал. Ошентип жүрүп, менин аңгемелеримди уккан айрым интеллигенттер «сен буларды жазбайсыңбы» дешчү. Анан ыр жазууга кириштим. Аларым ырга окшогон жөн эле бирдемелер болуп калган окшойт. Ошол мезгилди эскерип ал мындай деп жазат: «Я читал Пушкина, Лермонтова, Некрасова, переводы Курочкина из Беранже и очень хорошо видел, что ни на одного из этих поэтов я ни чем не похож… Потом стал пробовать себя и в прозе, избран однако стиль прозы «ритмической», находя простую - непосильной мне. Попытки писать просто приводил к результатам печальным и смешным»[2].

Горький ага күчтүү таасир берген орус жазуучуларынын бири катары Пришвинди белгилейт. Ал тууралуу «О М.Пришвине» аттуу макаласында сөз кылат: «Мен андан мурдараак жаза баштасам да, анын китептеринен көп нерсени үйрөндүм» деп мойнуна алат. «Нет, это правда, - дейт Горький, - учился. Учусь и по сей день, и не только у Вас, законченного мастера, но даже у литераторов моложе меня лет на тридцать пять, у тех, которые только что начали работать, чьи дарования ешё не в ладах с уменьем, но голоса звучит по-новому сильно и свежо»[3]. Горький андан айрыкча тил чеберчилигин жана пейзажды тартуудагы оригиналдуулугун кабыл алгандыгын айтат. Корутунду пикирин мындай аяктайт: «Да на мой взгляд и не о природе пишите Вы, а о большом, чем она, - о Земле, Великой Матери нашей. Ни у одного из русских писателей я не встречал, не чувствовал такого гармонического сочетания любви к Земле и знания о ней, как вижу и чувствую у Вас»[4].

М.Горький өзүнүн жазуучулук тагдырында эң чоң роль ойногон китептин, б.а. Батыш, ошонун ичинде француз адабиятынын, кийинчирээк орус классикасынын кошулушу менен жалпы элге таанымал жазуучу болгонун мойнуна ала отуруп, жаш таланттарга буларды жакшы окуп, мыкты үйрөнмөйүнчө ийгиликке жетишиңер кыйын деген логикалык жыйынтыкка келет.

М.Горькийдин адабий насаатчы катары эскере турган болсок, аны эки ыңгайда кароо ылайыктуу. Биринчиден, Горькийдин жаш таланттардын чыгармаларын конкреттүү талдоонун негизинде аларга айткан кеп-кеңештери. Экинчиден, Горькийдин адабий-теориялык ойлорунун жаш жазуучулар үчүн мааниси.

М. Горький дүйнө адабиятынын классиги. Совет адабиятынын негиз салуучусу жана социалисттик реализмдин баштоочусу. Бул аныктамалар бүтүн бир доорду мүнөздөөчү негизги белгилер. Азыркы мезгилде «совет адабияты» деген атты тарых бетинен өчүрүү үчүн XX кылымдын адабияты деген түшүнүктү колдоно башташты. Ал эми ошол бир кылымга жакын мезгил ичинде социализм идеясы

---

[1] Горький М. О литературе. –М.: СП., 1953, 324-бет.
[2] Горький М. О литературе. –М.: СП., 1953, 325-бет.
[3] Горький М. О литературе. –М.: СП., 1953, 242-бет.
[4] Горький М. О литературе. –М.: СП., 1953, 243-бет.

үстөмдүк кылып, мурдагы СССРде «бирдиктүү коллективдүү бүтүндүк» (Горькийдин аныкта...) катары совет адабияты жашап кеткендигин ким тана алат.

Азыркы тапта Горький социалисттик идеологиянын тарапкери катары жазуучу-классиктердин тизмесинен алгачкы сызылгандардын бири. Азыркы мектептерде атактуу «Эне» романы окутулбайт. Анын ордуна СССРди жамандаган эмиграниттык адабияттарды пропагандалоо башталган.

Бирок, коомдо ырааттуу байланыштын жашашы-бул толук мыйзамченемдүү көрүнүш. Байыркы грек ойчулдары Аристотелден бери орто кылымдагы «кайра жаралуу доорундагы классикалык, б.а. дүйнөлүк атак-даңкы бар чыгармалар совет мезгилинде да окутулуп келген. Ал эми эмне үчүн ошол совет социализм кезинде жаралган көркөм дөөлөттөр жокко чыгарылууга тийиш? Буга биз бир түрдүү гана «жок, эч качан жокко чыкпайт» деп айтууга тийишпиз.

Улуу Горький өз доорунда «Дүйнөлүк адабият» деген басманын башында туруп, бүтүн дүйнөдөгү эң мыкты классиканы орусчага которуп, бүткүл калайык-калкка жеткирүү камын көргөн. Ал башталган демилге ишке ашып, азыр 250 томдон турган «Дүйнөлүк адабият китепканасы» окурмандардын колунда турат.

Совет мезгилинде Горький жеке эле басма иштерин уюштурууга эмес, жаңыдан пайда болуп, өсүп келе жаткан жаш жазуучуларга да кам көрүп, анын адресине келген миң сан каттар гана эмес, жүздөгөн кол жазма чыгармаларга анализ берип, ошолордун бардыгына өз убагына жооп жазып турган. Бул эмне деген гиганттык эмгек?! Б.а., ал келечектеги жаш муун жазуучулар үчүн да такай кам көрүп, аларга акыл-кеңеш айтып, тарбиялоого көп күч-аракеттерин жумшаган.

Горькийдин насаатчылык эмгеги жеке эле кол жазмаларды окуп, талдап, кеңеш берүүдө эмес, көркөм адабиятка тиешелүү теориялык маселелердин да башын ачууга кыйла аракеттер жумшаган теоретик да болуп эсептелет. Анын учкул ойлору жаш таланттардын кругозорун кеңитип, сезимин байытууга жардам эткен.

Улуу устаттын өзгөчө эмгеги катарында анын СССРдеги улут адабияттарынын өсүшү үчүн көргөн камкордугун айтсак да жарашат. 1934-жылкы СССР жазуучуларынын 1-сьездинен кийин ал Москва алдындагы дачасына негизинен улут адабияттарынын өкүлдөрүн чакырып, жайылган дасторкон четинде отуруп, алар менен кызуу аңгеме-дүкөн куруп, келечектеги советтик улут адабияттарын кандайча жакындатып, гүлдөтүп өстүрүү боюнча кам көргөн сөздөрүн сүйлөгөндүгүн ошол жолугушуунун катышуучулары тамшанып кеп кылып, «Улуу Горький тууралуу эстеликтен» деген китеп чыгарышкан.

Айта берсе сөз көп. Горький жана анын насаатчылык эмгеги тууралуу сандаган китептер чыгарылып, анын бул тармактагы жасаган өлчөмсүз зор аракеттери көрсөтүлүп келген. Постсоветтик мезгилде ал демилге кыйла басаңдай түшкөнүн моюнга алуубуз керек. Ага биз өзүбүз гана күнөөлүбүз. Ал тууралуу жазууга, аны пропагандалоого эч ким тыюу салган жок. Өзүбүздүн гана демилгесиздик, кайдыгерлик мамилебизди айыптоого тийишпиз.

Click here to buy ABBYY PDF Transformer 2.0 www.ABBYY.com

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Горький М. Избранное. Библиотека мировой литературы для детей. -М.: Детская литература, 1982.
2. Горький М. Избранные литературно-критические произведения. -М.: Детгиз, 1954.
3. Горький М. О литературе. -М.: СП, 1953
4. Горький М. Мать. -Просвеңение, 1984
5. Горький жөнүндө ойлор. -Ф.: Кыргызстан, 1968
6. Садыков А. Кыргыз совет адабиятындагы улуттук жана интернационалдык проблемасы.-Ф.:Илим,1969
7. Садыков А.Проблемалар жана ой жігіртіілјр. /Адабий сын макалалар. -Фрунзе: «Кыргызстан», 1973
8. Советтик Кыргызстан жазуучулары. -Ф.: Кыргызстан, 1980